**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 23.20.611 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**
УДК: 31:727.7:502(575.2)(043.3)

**ИБАЙДУЛЛАЕВ ХАЙРУЛЛО ХАБИБУЛЛАЕВИЧ**

# МУЗЕЙ ӨЗГӨРҮЛМӨЛҮҮ КООМДОГУ СОЦИАЛДЫК ИНСТИТУТ КАТАРЫ

**22.00.04** – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек 2021

Диссертациялык иш М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин коомдук илимдер кафедрасында даярдалды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси**: | **Мендибаев Нуратбек** - социология илимдеринин доктору, Кыргызстан Ислам университетинин табигый гуманитардык сабактар кафедрасынын профессору |
| **Расмий оппоненттери:** | **Жоробеков Жолборс Жоробекович** – саясий илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Саясий изилдөөлөр жана экспертиза борборунун коомдук-саясий изилдөөлөр жана мамлекеттик башкаруу экспертизасы бөлүмүнүн башчысы |
| | **Алымкулов Алиясбек Төлбашевич** – социология илимдеринин кандидаты, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин аймак жана маданият таануу кафедрасы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин “Философия жана политология” кафедрасы, Ош шаары, Монуев көч., 35. |

Диссертациялык иш 2021-жылдын 30-ноябрында саат 16-00дө Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертациялык коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй просп., 265 а, 1-кабат, диссертациялык зал.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй просп., 265а, 1 кабат), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (720033, Бишкек ш., Жибек Жолу просп., 394, 8-корпус, 1 кабат) жана naskr.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын “29” октябрында таркатылды

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору, доцент** **Ч.Ш. Абдыраманова**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Ар бир элдин руханий байлыгы көбүнчө өзүнүн тарыхый эс тутумун, улуттук жана маданий каада-салттарын сактоо жана өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Бул көйгөйдү чечүүдө тарыхтын жана маданияттын баалуулуктарын чогулткан, сактаган, кайра жаңырткан, классификациялаган жана көргөзгөн музейлер маанилүү ролду ойнойт. Бардык учурларда улуттун калыптанышы үчүн музей өзгөчө руханий күчкө ээ болгон жана бүгүнкү күндө да анын ролу кайрадан актуалдуу болуп келүүдө. Бул улуттук жана маданий иденттүүлүктү өнүктүрүүдөгү коомдун муктаждыгынын жогорулашы, ар бир улуттун көптөгөн муундар топтогон руханий жана материалдык маданий тажрыйбаны өткөрүп берүүгө, сактоого жана көбөйтүүгө болгон умтулуусу менен шартталган.

Адам социалдык-экономикалык туңгуюктун татаал шарттарында инсан катары "Мен киммин?" деген суроого жооп издеп, өзүн-өзү таануу зарылдыгын сезет. Ал музей мейкиндигине кайрылып, өз жообун табат, дүйнө таанымын калыптандырат, ага ата-бабалары өткөрүп берген баалуулуктарды өзүндө бекемдейт. Ошондуктан музейдин бул маанилүү кызматтары анын алгачкы пайда болгон жылдардан бери сакталып келе жатат. Бирок азыркы коомдо музейдин кызматтары да өзгөрүлүп, аны салттуу түрдө түшүнүү тарыхта калды. Бүгүнкү күндө музей өз коомчулугунун суроо-талаптарына тездик менен жооп берген динамикалык билим берүүчү мекеме болуп саналат. Постмодерн доорунда музей көп кызматтуу социалдык-маданий мекемеге айланып, анын бул кызматтары убакыттын өтүшү менен кеңейүүдө. Салттуу кызматтарга коммуникация, социалдык инклюзия, социалдык интеграция, илимий-изилдөө, билим берүүчүлүк, көңүл ачуу жана эс алуу кызматтары кирсе, ага кошумча инсандын жана коомчулуктун иденттүүлүгүн аныктоо, мекенчилдикке тарбиялоо жана өзүн-өзү өнүктүрүүнү калыптандыруу сыяктуу ролдору жогорулоодо. Ошентип, азыркы коомдо музейдин социалдык ролу барган сайын өсүүдө, андыктан ушул багыттагы изилдөөчүлүк жумуштарынын көйгөйлөрү келип чыгат.

Аймактык социумдагы азыркы музейдин өнүгүшү мамлекет тарабынан каржылоонун жетишсиз деңгээли менен чектелип келүүдө. Бул жагынан алганда, Кыргыз Республикасы башка постсоветтик мамлекеттер менен эле катар, оор шарттарга туш болду. Музейдин иш-аракеттери мамлекет тарабынан калдык негизинде (остаточный принцип) каржыланат. Музей мекемелери ар кандай коммерциялык механизмдерди (имараттарды ижарага берүү ж.б.) колдонуп, ошондой эле экономикалык жактан "максатка ылайыксыздыгына" байланыштуу өзүнчө экспозицияларды жөн гана жаап, сырттан каражат чогултууга аргасыз болушат. Мындай учурларга жол берилбестиги азыркы учурда өкмөттүк деңгээлде, ошондой эле илимпоздордун жана практиктердин жамааттарында түшүнүлүп жетилди. Буга байланыштуу музейди өнүктүрүүнүн жаңы моделин иштеп чыгуу милдети коюлган. Ал музейди өнүктүрүүнүн салттуу шарттары менен кошо инновациялык шарттарына негизделиши керек. Акыркы учурларда мамлекеттик жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү жана музей тармагын башкарууга мамлекеттен тышкары ишкерлик чөйрөнү, жеке

тараптарды, бирикмелерди, коммерциялык эмес секторлорду жана жарандык демилгечилерди тартуу зарылдыгын белгилей кетүү керек. Бул бир жагынан, музейдин социалдык өнүгүүдөгү ролунун жана анын социалдык кызматтарынын өзгөргөндүгүнө, экинчи жагынан, өлкөнүн жана аймактардын маданиятын өнүктүрүүдөгү музейдин жогорку социалдык-маданий мааниси менен байланышкан.

Кыргызстандын музей ишинин тарыхы өлкөнүн тарыхый-маданий мурасынын бир бөлүгү болуп саналат. Ошондуктан музей социологиясы жана музей иши жаатындагы ар кандай изилдөөлөрдү жалпылоо зарылдыгы келип чыкты жана бул контекст изилдөө темасынын актуалдуулугун да аныктайт.

Музей ишинин түптөлүшү жана өнүгүү процессине Кыргызстанда изилдөөчүлөр кызыккан эмес, ошого жараша бул темага талдоо жүргүзүлүп, жалпыланган эмес. Изилдөөнүн актуалдуулугу Кыргызстандагы музейлердин санын көбөйтүүгө эмес, алардын сапаттык мүнөздөмөлөрүн өнүктүрүүгө багытталган музейлер тармагын өнүктүрүү перспективаларын аныктоо зарылчылыгы менен күчөтүлөт.

Акырында, музеологияны окуу дисциплинасы катары окутуу музей таануу боюнча адистерди даярдоо үчүн чоң мааниге ээ.

Ошентип, изилдөө темасынын актуалдуулугу азыркы коомдун муктаждыктарын канааттандырган музейди социалдык-маданий институт катары өнүктүрүүнүн зарылдыгы менен аны өнүктүрүүнүн так концептуалдык негиздери жоктугунун ортосундагы карама-каршылыктардан келип чыгууда.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы жана илимий эмгектин натыйжалары, илимий-практикалык тыянактар жана жоболор Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан өнүгүү стратегиясында, маданият тармагы, музей иши жана тарыхый-маданий мурастар боюнча улуттук программаларда, мыйзамдарда жана башка документтерге байланыштуу концепцияларды, программаларды, мыйзамдарды жана башка документтерди иштеп чыгууда пайдаланылуусу мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** - өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейдин социалдык маңызын жана өнүгүү механизмдерин аныктоо жана аны андан ары өнүктүрүүнүн жолдорун жана багыттарын иштеп чыгуу (Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин мисалында).

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Музейдин социалдык маңызын жана анын азыркы коомдогу социалдык ролунун өзгөрүшүн ачып көрсөтүү;

2. Музейди социалдык мекеме катары изилдөөнүн негизги теориялык ыкмаларын аныктоо жана аны ар тараптуу социологиялык изилдөө методикасын белгилөө;

3. Музейдин социалдык мекеме катары өнүгүүсүнүн аймактык өзгөчөлүктөрүн жана факторлорун ачып берүү;

4. Эмпирикалык изилдөөнүн маалыматтарынын негизинде музейдин заманбап имиджин, анын милдеттерин жана кызматтарын аныктоо;

5. Аймактагы музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорун жана багыттарын негиздөө;

6. Музейди өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу (аймактык аспект).

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** - Кыргыз республикасынын социология илимдеринде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда өзгөрүлмөлүү коомдогу музейлердин орду Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында социологиялык жактан изилденди:

- өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары музейдин ролу, мааниси жана социалдык кызматтары жаңы көз караште каралды;
- музейди өнүктүрүүнүн чет элдик жана ата мекендик тажрыйбаларды жалпылоонун негизинде системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын алкагында социалдык институт катары анын жаңы мазмуну аныкталды;
- заманбап аймактык социумда музейди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталып, жаңы көз караште системалаштырылды;
- эмпирикалык изилдөө материалдарынын негизинде биринчи жолу аймактагы музейдин жана музей ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү перспективалары аныкталды;
- азыркы коомдогу социалдык институт катары музейди өркүндөтүүнүн багыттары жана жолдору алгачкы жолу аныкталды;
- аймактык социумдагы музей жана музей ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн автордук концепциясы алгачкы жолу иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси:** диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары музейлерди өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен аймактагы музей ишин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Бул сунуштар музей ишин өнүктүрүүнүн мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү программаларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Музейлердин өнүгүшүнүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары бийлик менен администрация, бизнес коомчулуктары, коммерциялык эмес уюмдар, ыктыярдуу уюмдар жана башка жарандык кыймылдар менен демилгелердин арасында маданият, искусство жаатында карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт. Алынган тыянактарды социалдык жана гуманитардык цикл сабактары боюнча окутууда колдонууга болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү** диссертациялык изилдөөдөгү музейлердин тарыхый-маданий мурастарды изилдөөдөгү, сактоодогу жана коомчулукка жайылтуу иштериндеги кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн. Аталган максаттарды жүзөгө ашырууда мамлекеттик жана коомдук институттар тарабынан илимий-практикалык сунуштамаларды иштеп чыгууда жүргүзүлгөн изилдөөлөргө каралган каражаттын жетишсиздигин реалдуу далилдерден көрүнүп турат.

**Илимий жаңылыкка ээ жана коргоого берилчү негизги жоболор:**

1. Музейдин социалдык институт катары өнүгүшүндөгү функционалдык өзгөрүүлөр.

Азыркы коомдо музейдин ролу жана мааниси бир топ өзгөрүүдө. Дүйнөлүк масштабда коомдун жана аймактын ар кандай субъектилери менен диалог орнотууга багытталган музейдин жаңы - өткөөл модели калыптанып жатат. Заманбап музей ар кандай маданий мекемелердин кызматтарын бириктирген көп тармактуу институтка айланууда. Аймактык музейди бүткүл дүйнө жүзүндө өнүгүүнүн заманбап тенденцияларына ылайык модернизациялоо учурдун талабы болуп жатат. Бул модернизация ар кандай деңгээлде жүргүзүлүшү керек: методологиялык жана концептуалдык, техникалык жана технологиялык, социалдык-маданий жана уюштуруучулук.

2. Музей социологиясынын жаңы интегралдык методологиясы.

Музейди социалдык мекеме катары изилдөөнүн методологиялык деңгээли бир нече теориялык ыкмалардын интеграцияланышына негизделген жаңы методологияга кайрылууну болжолдойт. Бул аны ар тараптуу изилдөөгө мүмкүндүк берет. Бул методологияга институционалдык (музей социалдык институт катары, заманбап коомдогу жана аймактагы музейдин өзгөрүүчү кызматтарын изилдөө), коммуникативдик (музей коммуникативдик аянтча жана ар кандай предметтердин байланыштары үчүн диалогдук мейкиндик катары), чөйрөлүк (анын алкагында музей чөйрөсү жана анын музей көрүүчүгө тийгизген таасири изилденет). Музейлерди изилдөө боюнча интегративдик методология ар кандай дисциплиналык негиздерди чечүүнү да камтыйт. Байланыш теориясынын, семиотиканын, маалымат теориясынын жана системалык методологиянын принциптерине негизделген музей жөнүндө концептуалдык идеялар оригиналдуу маданий борборлордун ролун ойногон жергиликтүү музейлердин өнүгүшү музей феноменинин маданият системасындагы ордун жана ролун жаңыча баалоого мүмкүндүк берет.

3. Социалдык институт катарында музейдин өнүгүүсүнүн регионалдык өзгөчөлүктөрү жана факторлору.

Кыргызстан элдеринин өзгөчө (көчмөн) жашоо шарттарын эске алганда, музей социалдык институт катары бул аймакта өз алдынча иш жүргүзгөн эмес жана XX кылымдын башында Россиядан “экспорттолгон”. Россиянын музейлеринин тажрыйбасы, алардын концептуалдык багыттары жана уюштуруу маданияты Кыргызстанда музейлерди түзүүнүн контексти болгон. Башка автономиялык түзүлүштөр менен катар, Кыргызстанда Совет бийлигинин бардык жылдарында музей улуттук маданий турмуштун формасы катары мааниге ээ болду. СССРдин кризис мезгилинде (1990-жылдардын башы) Кыргызстандагы музейлердин ишмердүүлүгү жаңы көз карандысыз мамлекет катары бир аз басаңдаган, бул постсоветтик өлкөлөрдөгү жалпы тенденцияны чагылдырган. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы музейлердин ролу түп тамырынан башкача каралып жатат. Аларды өнүктүрүүнүн алдыңкы факторлору болуп төмөнкүлөр калды: саясий, социалдык-экономикалык, жалпы маданий, улуттук-маданий, идеологиялык болуп, Кыргызстандагы музей ишмердүүлүгүнүн өзүнчө бөтөнчөлүгүн түзүштү.

4. Музейдин азыркы образы, анын милдеттери жана кызматтары.

Эмпирикалык изилдөөлөрдүн маалыматтарына таянып, заманбап музей көп кызматтуу социалдык институтка айланган деген тыянак чыгарууга болот. Ал муундардын руханий тажрыйбасын жана маданий мурастарды сактоо жана

өткөрүп берүү салттуу кызматтарын сактайт. Респонденттердин көпчүлүгү (36%) музейдин образын салттуу мекеме катары көрөрүн белгилешти. Бирок ошол эле учурда жаңы пайда болгон кызматтарын да айтышкан. Респонденттердин жоопторуна ылайык, алардын арасында коомдун, аймактын, айрым топтордун жана жамааттардын, ошондой эле үй-бүлөлөрдүн интеграциялоо кызматын; улуттук идентүүлүктү сактоо жана өнүктүрүү кызматтарын; коомдун, аймактын ар кандай субъекттеринин ортосундагы байланыш кызматын; музейдин билим берүү жана өзүн-өзү тарбиялоочулук, ошондой эле маалыматтык жана агартуучулук кызматтарын; илимий-изилдөө кызматын алдыңкы катарда кароого болот. Респонденттердин берген жоопторунун негизинде музейдин бош убакыт өткөрүүчү, жалпы өнүктүрүүчүлүк кызматтары дагы аныкталды.

5. Аймакта музей ишин өркүндөтүүнүн негизги жолдорунун жана багыттарынын негизи.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстандагы музей заманбап коомдо маанилүү деп эсептелген кызматтарын толук аткара албай жаткандыгы аныкталды. Респонденттердин кыйла бөлүгү (67%) музейди жаңылоо керек деп эсептешет.

Модернизациялоонун негизги багыттары төмөнкүлөр:

- калк арасында музейдин агартуу иштерин күчөтүү;
- билим берүү жана илимий изилдөө кызматтарын өнүктүрүү;
- музей комплекстерин жана ачык музей мейкиндиктерин өнүктүрүү;
- музей ишинин жаңы формаларын иштеп чыгуу;
- музей ишинде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу;
- кадрлардын кесиптик деңгээлин жогорулатуу;
- музей көрүүчүлөрү менен "кайтарым байланышты" уюштуруу;
- тармакты кеңейтүү жана өнөктөштүк деңгээлин тереңдетүү;
- музейлердин техникалык жабдууларын жаңылоо.

6. Музейди өзгөрүлмө коомдогу социалдык институт катары өнүктүрүү концепциясы.

Иштелип чыккан концепция өз ара байланышкан төрт блоктун болушун болжолдойт: методологиялык, мазмундук, усулдук, критерийлик (баалоочулук). Методологиялык блок системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салууларды айкалыштырган интегралдык мүнөзгө негизделген. Мазмундук блок музейлерди жана музей ишмердигин өнүктүрүү багыттарын жана иш-чараларын камтыйт. Методикалык блок музей ишмердигинин субъектилеринин ортосундагы социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүүгө негизделген. Критерийлик-баалоочу блок музей ишинин өнүгүшүнүн натыйжалуулугун баалоо критерийлерин жана аларды баалоонун көрсөткүчтөрүн камтыйт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Коргоого берилген диссертациянын бардык басылмалары жана жоболору, ошондой эле ушул жоболорду далилдөө үчүн жүргүзүлгөн изилдөөлөр автор тарабынан жеке аткарылып, иштелип чыккан. Автордун демилгеси менен 2018-2020 жылдары Кыргызстандын Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтарындагы музейлер жайгашкан аймактардан музей көрүүчүлөрү (400 респондент), жергиликтүү калк (400 респондент) жана эксперттер (50 респондент) сурамжылоодон өткөрүлдү. Изилдөөдө

жалпысынан 18-60 жаш курагындагы шаар жана айыл тургундарынан 850 респондент катышып, 50% эркек жана 50% аялдар түздү.

**Алынган натыйжалардын апробациясы:** Диссертациянын негизги жоболору боюнча эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда баяндама жасаган. Алардын ичинде Кыргызстандагы музейлердин адистери үчүн уюштурулган "Музейлер жана алардын азыркы этаптагы ролу" аттуу республикалык илимий-практикалык конференцияда (Бишкек, 22-23 май 2017-ж.); Укук коргоо органдары жана маданият мекемелери «КРнын музейлери жана Музей фонду жөнүндө» Мыйзамынын аткарылышы боюнча парламенттик угууда (Бишкек, Жогорку Кеңеш 27-март 2018-ж.), "Мектеп музейлерин уюштуруунун заманбап усулдары" аттуу область семинарда (Ош, 20-февраль 2020-ж.) жасалган баяндама түрүндө апробацияланган.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын натыйжалары Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы тарабынан сунушталган басылмаларда жарыяланган 11 макалада чагылдырылган. Анын ичинен 4 макала чет элдик рецензияланган басылмаларда жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык изилдөөнүн логикасы төмөнкүдөй структурада берилди: киришүү, 8 параграфты камтыган үч бөлүм, корутунду, колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмеси (323 булак), 2 тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугуна негизделген маселенин илимий иштелгендик даражасы мүнөздөлөт, максаты жана милдеттери, методологиялык негиздери жана илимий жаңылыгы ачылып берилет, изилдөө объектиси жана предмети, иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгү белгиленет, коргоого чыгарылуучу негизги жоболору, изилдөөнүн жыйынтыктары апробациялоо жана жарыялоо, диссертациялык иштин түзүмү тууралуу маалыматтар келтирилген.

**“Музейди социалдык институт катары изилдөөнүн теориялык негиздери”** деген аталыштагы биринчи бапта автор музейдин теориясынын калыптанышынын, өнүгүшүнүн теориялык негиздерин, аны аныктоого жана изилдөөгө социологиялык мамилелерди, музейдин социалдык институт катары анын функцияларын жана алардын азыркы коомдогу өзгөрүүлөрүн изилдейт.

**Биринчи бөлүмдө** “**Музей социологиялык изилдөөнүн объектиси катары”** музейдин жана музей ишинин маңызы жана концепциясы талданат. Музей деген түшүнүк же, башкача айтканда, «мусейон» адамзаттын социалдык жүрүм-турумунда 2,5 миң жыл мурда пайда болуп, бирок анын мааниси башкача болгон. Байыркы Грецияда мусейон деп гүлзарларда, өрөөндөрдө, булактардын жанындагы музаны, урматтап курулган үйлөрдү аташкан. Адегенде алар жөнөкөй имаратча болуп, ыйык чиркөө катары эсептелген эмес. Алгач музалар ар кандай булактардын, башталыштардын кудайы катары эсептелген. Доор алмашкан сайын искусствонун, илимдин жана бардык

чыгармачылык иш - аракеттердин кудайы-колдоочусу катары баалана баштаган. Ошентип, «museion» («museum») термини адегенде музалардын ыйык үйү катары аталып келсе, тарыхый өнүгүүсүнүн натыйжасында ыйык үй – адабият, илим жана илимий пикир алышуучу жайга айланган. Жалпылап айтканда, «музей» деген сөз «коллекция» деген сөздүн синоними болуп калган, ал эми коллекциялык буюмдар жайгашкан имарат – бөлмө, галерея жана кээ бир учурларда "cimeliarchium", "thesaurus", "repository" деп аташкан. XVI-кылымдын экинчи жарымында «музей» деген сөздү буюмдар тобуна эле эмес, буюмдар сакталган жана экспонатталган имараттарга карата да айта башташкан. Латынча "музей" сөзү убак-убагы менен англисче "study" жана французча "cabinet" сөздөрүнүн эквиваленти катары колдонулуп келген.

Музейдин учурдагы аныктамаларынын ар түрдүүлүгүнүн маанилүү себеби - маданият социологиясынын, ошондой эле теориялык музей таануунун ("музеология") жана аныктама түзүлгөн ар кандай максаттардын жана милдеттердин өнүгүшү болуп саналат. Музейдин ар кандай аныктамаларында анын сактоочулук, маалыматтык, коммуникативдик, адеп-ахлактык жана тарбиялоочулук ролу баса белгиленет. "Музейлер китепканалар, архивдер сыяктуу билимдин сакчысы эле болбостон жаңы нерселерди үйрөнүүгө, белгисиз нерселерди табууга умтулган жана кызыккан адамды көзгө көрүнбөгөн күч менен тартуучу күчкө ээ.

Автор музейлерди изилдөө жана анын иш-аракеттерин музей социологиясынын алкагындагы ар кандай ыкмаларды талдаган. Музейдин социологиясы XX кылымда СССРде да, чет өлкөлөрдө да кеңири жайылган бир тармак экендиги белгиленген. Музей социологиясынын бүткүл дүйнөдөгү, Россиядагы жана СССРдеги, андан кийин постсоветтик мейкиндиктеги өнүгүү тарыхы адатта бир нече этаптарга бөлүнөт. Алгачкы этап музей иштеринин абалы (1900-1910-жылдар) боюнча алгачкы басылмалардын пайда болушу деп эсептелет. Музей социологиясынын өнүгүүсүнүн экинчи этабында (1920-1930 жж.) америкалык изилдөөлөр басымдуулук кылган изилдөө болуп калды. Бул этапта негизги көңүл музейге келген кишиге, анын мотивациясына жана мүнөздөмөсүнө бурулган. Ушундай эле изилдөөлөр АКШда гана эмес, башка бир катар өлкөлөрдө, анын ичинде СССРде да жүргүзүлгөн.

Музей социологиясын изилдөөнүн үчүнчү этабы Улуу Ата Мекендик согуштан кийин башталган. Бул мезгилде музейге келгендерди изилдөөгө жаңы кызыгуу пайда болуп, бүткүл дүйнө жүзү боюнча изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Чет өлкөлөрдө бул этап "музейге келгендерди изилдөө" (АКШ, Франция, Улуу Британия, Канада) деген тар аталышка ээ болду. Бул изилдөөлөр үчүн атайын мамлекеттик программалар түзүлүп, илимий лабораториялар түзүлгөн. Бул мезгилде музейлердин социологиясы негизинен прикладдык багытта болгонун белгилей кетүү керек. Музей социологиясынын өнүгүүсүнүн төртүнчү этабында (1960-80), музейдин аудиториясын изилдөө активдешип, анын өсүшүнө байланыштуу болгон. СССРдин ар кайсы республикаларында жана аймактарында, анын ичинде Кыргыз ССРде социологиялык изилдөөлөр жеке эле эмес, комплекстүү түрдө да жүрүзүлүп, топтолгон эмпирикалык тажрыйбаны жалпылоого мүмкүндүк берген. Бул мезгилде музей социологиясы

жана социология маданияты теориялаштырылды жана эмпирикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын жалпылоого аракет жасалды.

Автор музейлердин социологиясы чөйрөсүндөгү заманбап изилдөөлөрдүн көйгөйлүү тармагын талдап, коммуникативдик жана интерактивдүү актуалдаштыруу, ошондой эле музей ишинин инклюзивдик тажрыйбалары жөнүндө тыянак чыгарды.

**Экинчи бөлүмдө "Музейди изилдөөдөгү социалдык мамиле"** бул ыкманын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн жана анын музейди жана музей ишин изилдөөдө колдонулушунун өзгөчөлүктөрүн баса белгилейт.

Музейди изилдөө экономикалык, саясий, социалдык анализдин көз карашынан жүргүзүлүшү мүмкүн, анткени бул иш-аракеттердин элементтери кайсы бир деңгээлде музейге мүнөздүү. Музейди изилдөө үчүн ушул методологиянын маанисин четке какпастан, аныктоочу методология болуп социалдык методология экендигин белгилейбиз. Социалдык ыкма музейди аныктоочу фактор - маданият призмасы аркылуу кароого мүмкүнчүлүк берет. Музейдин маданиятка карата кош ролду ойногондугунан жыйынтык чыгарабыз: биринчиден, музей маданиятты сактайт жана адамдарга өзүнүн стандарттык үлгүлөрүн сиңирүүгө жардам берет, экинчи жагынан, музей өзү маданияттын элементтерининин бири болуп саналат, ал өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө, динамикасына, багытына жана өнүгүү тенденциялары ээ.

Чындыгында, социалдык чындыкты түшүнүүдө социалдык мамилени өнүктүрүүнүн өбөлгөлөрү болуп социология классиктеринин көз караштары саналат. Ушул сыяктуу ойлорду Э.Дюркгеймден байкайбыз, ал "социалдык деген маданий жактан да негизделген" деп белгилеген.

Өзүн-өзү өнүктүрүүчү система катары саналган М.С.Кагандын маданият концепциясы музей изилдөөлөрүнө социалдык подходду колдонуунун өзгөчөлүктөрүн түшүнүү үчүн чоң методологиялык мааниге ээ. Маданиятты түшүнүүнү М.Каган адамдын ишмердүүлүгүн түшүнүүдөн алып чыгат, себеби адам ишмердигинин натыйжасы маданият болуп эсептелет.

Маалыматтык подход социалдык жана маданий интеграциянын алкагында музейди түшүнүү үчүн чоң методологиялык мааниге ээ. Ю.М. Лотман менен Б.А. Успенскийдин аныктамасында "маданият - бул маалыматты иштеп чыгуучу түзүлүш ... Маданият - бул маалыматты жаттап алуучу түзүлүш" деп айткан.

**Үчүнчү бөлүмдө "Музейдин социалдык институт катары өнүгүшү"** музейдин социалдык институт катары маңызын жана анын азыркы коомдогу кызматтарынын өзгөрүшүн талдайт.

Музей социалдык мекеме катары өнүгүү жолунда бир нече этаптардан өткөн. Биринчи кезекте, коомдун музейлерди өнүктүрүүгө болгон муктаждыгынын пайда болушу адамзат цивилизациясынын жетишкендиктерин жайылтуу зарылдыгы менен байланыштуу. Коомдун өзгөрүлүп жаткан муктаждыктары музейдин социалдык институт катары жаңы функцияларынын пайда болушуна алып келди. Изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк, агартуучулук, идеологиялык жана башка функциялары ушундайча калыптанат. Натыйжада, XIX-XX кылымдардын баш ченинде музей коомдук аң-сезимди калыптандыруучу курал болуп калды. Музейдин коомдук өнүгүүдөгү орду

өзгөрүлүп турган, бул өнүгүүнүн ар кандай баскычтарында тигил же бул функциялардын үстөмдүгүнө алып келди. Азыркы этапта бош убакыттын жана баарлашуунун функциясы коомдун өз ара аракеттенүүнүн жаңы тартибин уюштуруудагы коомдун муктаждыктарынын чагылдырылышы катары кошулду. XXI кылымда музей көп функционалдуу социалдык мекеме болуп саналат, анын социалдык ролу жогорулап жатат, буга дүйнө жүзү боюнча музейлердин саны өсүп жатканы ("музей буму") [Дриккер, А. С. Музей в современном мире // Вопросы музеологии. – 2011. - № 1 (3) – С.14-17], алардын музей комплекстерине биригиши жана музей ишинин жаңы түрлөрүнүн пайда болушу далил. [Дунаева, С. В. Философский аспект трансформации роли музея как социального института и его положение в современном обществе // Вестник ЛГУ им. А.С. Пушкина. – 2011. - № 3. – С. 56-57]. Бул көп функционалдуулук Эл аралык музейлер кеңешинин XV Башкы ассамблеясынын (ICOM, 1986) алкагында иштелип чыккан музейлердин Этикалык кодексинде да чагылдырылган).

Автор музейдин негизги социалдык функцияларын карап чыккан. Хронологиялык жактан биринчиси жана эң маанилүүлөрүнүн бири - бул предметтик чөйрөнү трансляциялоо жана адамзаттын тарыхый жана маданий мурастарын сактоо жана өткөрүп берүү функциясы жана мындан келип чыккан коомдук эс тутумду сактоо функциясы эсептелет. Музей өзүнүн иштөө мезгилинде маданий баалуулуктарды жана элдин жалпы тарыхый эс тутумун сактоо, коллекцияларга экспозициялоо, билим берүү, үйрөтүү, эстетикалык ырахат алуу жана илимдин өнүгүшүнө өбөлгө түзүү сыяктуу өзүнүн ажырагыс социалдык функцияларын аткарып, бай тажрыйба топтоду. Ошол эле учурда музейлер элдин тарыхый эс тутумун сактоо боюнча коомдук миссияны аткарат [Федоров, Н. Ф.: pro et contra: Антология в 2 кн. Т. 1. СПб.: Изд-во Рус. Христ. Гуманит. ин-та, 2004. – 1110 с. – С. 379.] жана жогорку таанып-билүүчүлүк жана баалуулук потенциалына ээ болуп, адамдарга маданий иш-аракеттердин жана табигый мурастардын эң баалуу тажрыйбасын сактап калууга мүмкүнчүлүк берет [Комиссарова, Е. В. Региональный музей как пространство межкультурной коммуникации // Известия ВолгГТУ. – 2014. - Т. 17. - № 13 (140). – С. 104.].

Музей маданий социалдаштыруу функциясын аткарат. Буга музейге келүүчүлөр менен иштөө процессинде айрым маданий артыкчылыктарды жана ишенимдерди калыптандыруу фактору катары кызмат кылгандыгы менен жетишилет. Бирок музейди жалаң гана маданий агенттин, баалуулуктардын котормочусунун көз карашы менен кароого болбойт. Р.Сандэлл музей маданият дүйнөсүнө адамга дүйнөлүк социалдык мейкиндиктин бир бөлүгү болууга жардам берген "жол көрсөткүч" болот деп жазат; бирок ошол эле учурда ал адамга жалпы маданиятты кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. Ал "маданий инклюзия" көйгөйү дал ушунда жаткандыгын белгилейт [Sandell, R. Museums as Agents of Social Inclusion // Museum Management and Curatorship. 1998. – Vol. 17. - № 4. – P. 401-418].

Изилдөөчүлөр музейдин баарлашуу ролу ар башка субмаданияттын өкүлдөрүн бириктирүүдө гана эмес, алардын өз ара баалуулук, маалыматтык жана башка руханий алмашууларында дагы бар экендигин белгилешет

[Комлев, Ю. Э. Музей как социально-культурный центр региона // Теория и практика общественного развития. – 2011. - № 3. - С. 118.].

Музейдин социалдык институт катары дагы бир маанилүү функциясы – иденттүүлүктү калыптандыруу жана сактоо. Ааламдашуу шартында бул маселе өзгөчө мааниге ээ болууда, анткени инсандын, топтун, коомдун иденттүүлүгү барган сайын бүдөмүк болуп баратат [Комиссарова, Е. В. Региональный музей как пространство межкультурной коммуникации // Известия ВолгГТУ. – 2014. Т. 17. - № 13 (140). – С. 104.]. Постсоветтик өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда да, XXI кылымдын башында, улуттук иденттүүлүктү сактоо маселелери жаңы мааниге ээ болду. Буга ылайык, аталган өлкөлөрдүн аймактарын байырлаган элдердин маданий мурастарына кызыгуу кайрадан жанданып, музей бул процесстин негизги куралдарынын бирине айланууда [Петрова, И. А. Феномен «этнической культуры» Россия и Беларусь: межкультурный и межрелигиозный диалог: монография // Волгоград: Изд-во ВолГУ, 2010. – Гл. 2. – С. 23-30.].

**Экинчи бап "Аймактын маданий мурасын сактоо менен биргеликте анын өнүктүрүүдөгү музейдин ролу жана методологиясы"** каралып, өлкөбүздүн түштүк аймагында жашаган элдердин жана музей көрүүчүлөрүнүн көз карашы менен музейлердин өнүгүүсүнүн регионалдык өзгөчөлүктөрүнө таасир этүүчү факторлору жана заманбап музейдин образы анализденген. Жүргүзүлгөн эмпирикалык изилдөө белгилүү бир тыянактарды жана жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Изилдөөнүн объектиси:** музей өзгөрүлмө коомдогу социалдык институт катарында.

**Изилдөөнүн предмети:** музейдин социалдык институт катары коомдогу ролунун өзгөрүшүнө ар кандай факторлордун таасири.

**Методологиялык негизи** болуп чет элдик жана ата мекендик авторлордун музей социологиясы, музеология жана философия жаатындагы эмгектери, социологиялык анализдеринин методологиясы жана изилдөө методдору (байкоо, интервью, анкета, мониторинг) боюнча фундаменталдык жана теориялык жетишкендиктери болуп эсептелет.

**Биринчи бөлүмдө “Аймактагы музейлерди өнүктүрүүнүн факторлору жана өзгөчөлүктөрү (Кыргызстандагы музейлерди өнүктүрүүнүн тарыхын документалдуу изилдөөнүн негизинде)”** аймактагы музейлердин өнүгүшүн аныктоочу негизги факторлору талданып системалаштырылды, музейлердин жана музей ишинин өнүгүшүнүн аймактык өзгөчөлүктөрү белгиленди.

Автор тарабынан документтердин анализи жүргүзүлүп, анын негизинде аймактын социалдык-маданий өнүгүшүндө музейдин ролун изилдөө үчүн социологиялык изилдөө программасы иштелип чыкты.

Республиканын 38 документалдык булагы анализденди, анын ичинде:

- Совет жылдарындагы музей мекемелерин түзүү жана өнүктүрүү боюнча архивдерден алынган материалдар (1926-1990);
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүн алган мезгилдеги жана реформадан кийинки алгачкы жылдардагы (1990-1998) музей мекемелерин кайра уюштуруу боюнча документалдык материалдар; жаңы мамлекеттүүлүк

мезгилинде жана азыркы мезгилдеги (1999-2019) Кыргыз Республикасында музейлерди өнүктүрүү боюнча документтердин топтому;

- маданиятты жана музейлерди өнүктүрүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мыйзамдары жана мыйзам актылары;
- республикадагы музейлердин санынын өнүгүшү жөнүндө расмий статистиканын маалыматтары;
- бардык көрсөтүлгөн мезгилдер үчүн каталогдор, буклеттер, проспектилер, маалымдамалар, колдонмолор;
- көрсөтүлгөн мезгилдер үчүн экспозициялык материалдарынын сүрөттөмөлөрү;
- музейлердин фондуларына арналган альбомдордогу жана китептердеги очерктер;
- республикада музей ишинин абалы жөнүндөгү аналитикалык отчеттор;
- өлкөнүн маданий өнүгүүсүндө музейдин ролун аныктоого арналган изилдөө иштери;
- илимий билимдин культурология, социология жана башка илимий-гуманитардык багыттарындагы музейлерди өнүктүрүү боюнча кыргыз жана орус тилдериндеги диссертациялар;
- мезгилдүү басылмалардагы публицистикалык эмгектер, макалалар жана СССРдеги жана Кыргыз Республикасындагы музей таануунун өнүгүшү боюнча монографиялар.

Документтерди анализдөө Кыргызстандагы музей ишинин калыптануу этаптарын кеңири ретроспективада кароого мүмкүндүк берди. Бул бизге төмөнкүдөй жыйынтыктарды берди.

Кыргызстанда буюмдардын коллекцияларынын пайда болуу тарыхы тээ илгерки замандарга барып такалат. Бирок Кыргызстанда музейдин пайда болушу Россиядан экспорттолгон акты болгон, XX кылымда Россияда улуттук маданий формага айланган ар кандай профилдүү музейлердин системасы калыптанып калган. Жергиликтүү музейлердин пайда болушунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн караганда, аймактардын турмушунда кандайдыр бир маданий борборлордун ролун ойногон жергиликтүү музейлердин өнүгүшү 1920-жылдары жергиликтүү край таануучулук кыймылы менен тыгыз байланышта болгонун белгилей кетүү керек. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын музейлер тармагында музейлердин көпчүлүгү тарыхый жана край таануу болуп саналат, бул мамлекеттин маданий жана идеологиялык саясаты тарабынан алдын-ала аныкталган.

Маселени ар тараптуу изилдөө Кыргызстандагы музей тармагы жана музей иши XX-кылымда советтик музей таануу концепциясынын нугунда калыптангандыгын жана Советтер Союзунун музей саясатынын ажырагыс бөлүгү болгондугун көрсөттү. Кыргызстандагы музей таануунун негизги ыкмасы институционалдык (структуралык-функционалдык) ыкма болгон, ал музейди коомдук өнүгүү үчүн маанилүү болгон тарыхый жана маданий мурастарды сактоо жана жайылтуу боюнча бир катар функциялардын аткарган маданияттын институттарынын бири катары аныктоого негизделген.

Музей адабияты негизинен прикладдык мүнөздө болуп, ар кандай инструкцияларды камтыйт. 1970-жылдары айрым музейлердин тарыхына жана

ишмердүүлүгүнө арналган басылмалардын көлөмү туруктуу өсө баштады. Бирдиктүү музейдин түзүлүшүн жана өнүгүшүн чагылдырып, анын коомдун маданий турмушундагы ордун аныктоого багытталган изилдөөлөр пайда болду [Ошский объединенный историко-культурный музей-заповедник / С. А. Асанканова, Е. В. Дружинина, А. Е. Захарова и др. – Фрунзе, 1987.]. Ар бир музейдин тарыхын өзүнчө изилдөө ошол баштапкы материалды берген, ал материалды анализдөө жалпы мүнөздөгү изилдөөлөрдү түзүүгө мүмкүндүк берген. 1985-жылы мындай эмгек Кыргыз ССРиндеги музей ишмердигинин абалы жана музей саясатынын өнүгүшү жөнүндө эсептик аналитикалык отчет болгон.

Жүргүзүлгөн анализ республикада музейлерди өнүктүрүүдө кошумча изилдөөлөрдү талап кылган бир катар көйгөйлөр бар экендигин көрсөттү. Музейдин социалдык мекеме катары азыркы кыргыз коомундагы ролу жана кызматтары бир топ өзгөрүлүп жатат деген тыянакка келдик.

**Экинчи бөлүмдө "Тарыхый мурастын жана социалдык эс тутумдун каада-салттарын өнүктүрүүдө заманбап музейдин ролу"** деген тема чагылдырылып, музей көрүүчүлөрүнүн арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыктары талданган. Жалпыланган ой-пикирлердин жана баалоолордун негизинде музейдин заманбап образы, анын өнүгүү жолдору, учурдагы кыйынчылыктар жана көйгөйлөр аныкталган. Бул параграфта "Музей көрүүчүлөрү" анкетасы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары камтылган. Изилдөөнүн методологиясы жана үлгүсү, географиялык негиздемеси №1 тиркемеде келтирилген.

Изилдөөнүн жыйынтыгында музейлер өз ишмердүүлүктөрү жөнүндө коомчулукка маалымат берүүдө маалымат каражаттарында эми гана өз ордун таап келе жатканы аныкталды. Респонденттердин көпчүлүгү маалыматты достору, туугандары жана кошуналары аркылуу алганын билдиришкен (30%). Жалпылап айтканда, музейлердин коомдогу маданий-агартуучулук кызматын дагы да күчөтүү, тарыхый-маданий мурасыбыздын маани-маңызын элге жеткирүү иштерин жандандыруу зарылдыгы байкалды. Замандын талабына жараша маалымат булактары менен иштешүү, элдердин музейлерге карата суроо-талаптарын дайыма билип туруу максатында активдүү аракеттерди жасоо керектиги аныкталды.

Бүгүнкү өзгөрүлмөлүү коомдо музейлерге элдердин көбүнчө тарыхты үйрөнүү, рухий дүйнөнү байытуу, үй-бүлөсүн маданий эс алдыруу сыяктуу максаттарда келишкенин жана алардын басымдуу бөлүгү 18-39 жаш курактагылар келгени жакшы көрүнүш. Мындан тышкары, коомдогу дагы бир жагдай бул тарыхый жерлерге жана музейлерге конокторду жана туристтерди тартуу маданиятынын өнүгүшү болуп саналат. Демек музейлердин коомдогу маданий-агартуучулук кызматтарына болгон элдин талабы жогору экендиги, бул багыттагы иштерди жандандыруу зарылдыгын көрсөк болот.

Жалпысынан музейлердеги маданий-агартуу иш-чараларынын деңгээли башка маданият мекемелерине караганда төмөн экендиги аныкталган. Респонденттердин көпчүлүгү музейдеги маданий иш-чараларга катышпагандыгын билдиришкен. Маданий-агартуу иштери бир аз жаңы көз караш менен жүргүзүлүп жаткандыгына карабастан, көп жаңылыктарды

киргизүү, коомдук байланыштарды күчөтүү, жаңы долбоорлорду иштеп чыгуу зарыл.

Бүгүнкү күндө музейлердин негизги көйгөйлөрү катары кадрлардын жетишсиздиги жана алардын социалдык-экономикалык колдоого муктаждыгы аныкталды. Дагы бир көйгөй, көргөзмө залдарынын заманбап талаптарга жооп бербегендиги, маданий-агартуу иштеринин начардыгы баса белгиленген. Көргөзмө залдарын сурамжылоого катышкандардын 15,5% канааттанганын айтышса, көпчүлүгү аларды өркүндөтүү керектигин белгилешкен.

Респонденттерден: **"Сизге музей эмнеси менен жакты?"** деген суроону узатканыбызда, анын жалпы жыйынтыгы 2.1 - таблицага ылайык болду.

Таблица 2.1 - Сизге музей эмнеси менен жакты?

| | Саны | Проценти | Cumulative Percent |
|---|---|---|---|
| Экспозициясы __________ | 62 | 15,5 | 15,5 |
| Экспонаттары _________ | 126 | 31,5 | 47,0 |
| Экскурсиясы | 105 | 26,2 | 73,2 |
| Кызмат көрсөтүүсү | 61 | 15,2 | 88,5 |
| Канааттанганым жок (себеби _________) | 33 | 8,2 | 96,8 |
| Башка | 13 | 3,2 | 100,0 |
| Жыйынтык | 400 | 100,0 | |

Маданият адамдын калыптанышында негизги ролду ойногондуктан, мамлекеттин биринчи кезектеги милдеттеринин бири анын өнүгүшү үчүн көбүрөөк шарттарды түзүү болуп саналат. Сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, өлкөдөгү маданий жана эс алуу жайларын өнүктүрүүнүн комплекстүү программаларын иштеп чыгуу зарылдыгын ачыктады.

Базар экономикасы шартында адамдардын бир аз бөлүгү музейлерге меценат катары жардам бергени жакшы көрүнүш. Респонденттердин (20,8%) музейге эски баалуу буюмдарын тапшырышканын жана башкаларды да үндөгөнүн айтышкан. Ошого карабастан, искусствонун меценаттары менен иш алып баруу начар жолго коюлган. Музейлер ушул багытта иштеп, эл менен тыгыз байланышта иштеши зарыл.

Кыргызстандагы музей тармагынын келечеги боюнча ой-пикирлерин жана сунуштарын сураганыбызда, алардын көпчүлүгү биринчи кезекте кылымдарды карыткан тарыхый жана маданий мурастарды кийинки муундарга өткөрүп берүү үчүн анын өсүп-өнүгүшүнүн зарылдыгын белгилешти. 2.2 - таблицада музейлердин негизги көйгөйлөрүн аныктоо боюнча респонденттердин көз караштары келтирилген.

Таблица 2.2 - Сиздин оюңузча музей ишиндеги эң негизги көйгөйлөр деп кайсыларды атайсыз? (жооп бергендердин жалпы саны, %)

| **Жооптор** | **Саны** | **Проценти** |
|---|---|---|
| Музей кадрларынын жетишсиздиги | 109 | 12,7% |
| Көргөзмө залдары начар, заман талабына жооп бербейт | 148 | 17,3% |

| | | |
|---|---|---|
| Экспонаттарды сактоо үчүн шарттары начар | 131 | 15,3% |
| Экскурсиялык иштер жакшы деңгээлде уюштурулган эмес | 81 | 9,5% |
| Музейдеги агартуучулук иштеринин начардыгы | 37 | 4,3% |
| Музей кызматкерлеринин айлык маянасынын аздыгы | 195 | 22,8% |
| Музей ишиндеги коррупция | 22 | 2,6% |
| ММКларда, дүйнөлүк желеде (интернет, сайт) музей ишмердүүлүгү жакшы чагылдырылбайт | 117 | 13,7% |
| Башка | 15 | 1,8% |
| Жыйынтык | 855 | 100,0% |

Бүгүнкү күндө музейлердин эң негизги көйгөйлөрү катары кызматкерлерге социалдык-экономикалык колдоо көрсөтүү, көргөзмө залдарынын жетишсиздиги жана маданий-агартуу иштеринин жолго коюлбагандыгы такталды. Изилдөө көрсөткөндөй, өнүккөн маалыматтык технологиялар, инновациялык ыкмалар жана ааламдашуу доорундагы музейлердин ролу актуалдуу бойдон калууда. Адамзаттын өткөн тарыхын сактап келе жаткан музейлер тынчтыкты, биримдикти, тилектештикти жана жалпы баалуулуктарды сактап калуу менен, элдердин жана улуттардын маданияттарынын уникалдуулугун сактоо менен маанилүү институт катары кала бермекчи.

**Үчүнчү бөлүмдө "Учурдагы аймактык социумдагы музейдин социалдык кызматтарынын өзгөрүшү**" жөнүндө "Жергиликтүү калктын музейлерди баалоо" программасынын алкагында автордун изилдөөлөрүнүн натыйжалары сунуш кылынат. Музейдин социалдык ролу, заманбап формасы жана анын өнүгүү келечеги жөнүндө Кыргыз Республикасынын жана анын аймактарынын масштабдары боюнча корутундулар жасалды.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин социалдык ролун изилдөө максатында музейлер жайгашкан аймакта жашаган калктын арасында сурамжылоо жүргүзүлдү. Изилдөөнүн методологиясы жана тандоо, географиялык негиздеме диссертациянын №2 тиркемесинде келтирилген.

Изилдөөдө маалым болгондой музейлер өзүнүн ишмердүүлүгүн заманбап маалымат каражаттары аркылуу коомго жайылтып жатканын жана бул багытта ишти дагы да күчөтүү керектигин белгилеп өттүк. Тактап айтканда, интернет, ТВ жана радио аркылуу маалыматты жайылтууга, ири музейлердин веб-сайттарын ачууга жана уюлдук телефондор үчүн тиркемелерди иштеп чыгууга көңүл буруу зарыл. **Сиздин аймактагы музейлердин ишмердүүлүгү боюнча жаңылыктарды кайсы булактан алып турасыз**? деген суроону бергенибизде респонденттердин эң көбү интернет тармагы (34,2%) жана телевидение, радио (29,5%) аркылуу кабардар болуп турушканын айтышкан.

Музейлердин коомдогу негизги кызматтарынын бири катары уюштурган маданий-агартуу иш-чараларына жергиликтүү калктын активдүү катышуусу алардын коомдо өз ордун таап келе жаткандыгынан кабар берет. Чындыгында, тарыхый-маданий мурастардын негизинде уюштурулган көргөзмөлөр, тематикалык экскурсиялар, атайын телекөрсөтүүлөр инсандардын руханиятынын өсүшүнө чоң таасир берет. Респонденттердин көпчүлүгү аймактагы музейлерде маданий иш-чаралар кээде гана өткөрүлүп турганын айтышса (42,5%), эч кандай маданий иш-чаралар өткөрүлбөйт (22,2%) деген ойлорун айткандар да болду.

Ар бир мамлекеттин алдында негизги милдети катары жарандарынын маданий эс алуусуна шарттарды түзүү болуп саналат. Изилденген аймактарда элдердин маданий эс алуусу үчүн кинотеатрлар, театрлар, парктар сыяктуу жерлерге шарттарды түзүү зарылдыгы аныкталган. Бүгүнкү күндө, негизинен айыл жериндеги адамдар бош убактысын телевизор көрүү, китеп окуу, музейлерге баруу сыяктуу маданий эс алуунун ар кандай түрлөрү менен өткөрүшөт. Бош убактысында маданий эс алуу үчүн музейлерге баруусу жөнүндөгү суроого, респонденттердин көпчүлүгү (57,5%) мезгил-мезгили менен гана барабыз деп жооп беришкен. Ошентип, эс алуу максатында музейлерге баруу маданияты көпчүлүк адамдардын жашоосунда калыптана электиги аныкталды. Музейге келгендердин көпчүлүгү (30,8%), анын ичинде 18–39 жаштагылар (62,4%) бош убактысында маданий эс алуу үчүн музейге барууга мүмкүнчүлүгү жок экендигин билдиришти. Ал эми жалпы маалымат 2.3 - таблицада берилген.

Таблица 2.3 - маданий эс алуунун кайсыл түрүн жогору баалайсыз? (жооп бергендердин жалпы саны, %)

| Жоопторл | Саны | Проценти |
|---|---|---|
| Китеп окуу (газета, журнал) | 138 | 15,9% |
| Телеберүү программаларын көрүү (ТВ) | 170 | 19,6% |
| Музейлерге, тарыхый жайларга баруу | 131 | 15,1% |
| Кинотеатрга баруу | 51 | 5,9% |
| Театрга баруу | 31 | 3,6% |
| Парктарга баруу | 92 | 10,6% |
| Туугандар менен жолугушуу | 164 | 18,9% |
| Кафе, ресторан, чайкана | 81 | 9,3% |
| Башка | 11 | 1,3% |
| Жалпы | 869 | 100,0% |

Акыркы 20-25 жыл ичинде музейлерде пайда болгон көйгөйлөр биринчи кезекте бийлик тарабынан комплекстүү программаларды иштеп чыгуу менен чечилиши керек экендиги аныкталды.

Музейлер коомдогу маданият мекемелеринин арасында элдин тарыхый жана маданий мурастарын сактап калуу жана кийинки муундарга өткөрүп берүүдө жогорку орунду ээлейт. Музейлердин көйгөйүн чечүү үчүн биринчи кезекте эмне кылуу керек деген суроого, респонденттердин жарымынан көбү жогорку мамлекеттик органдар (31,1%) жана жергиликтүү бийлик (21,4%) музейлерге жардам бериши керек деп жооп беришкен.

Бүгүнкү күндөгү музейлерде жаралган маселелерди биринчи кезекте бийлик органдары тарабынан көңүлгө алынып, комплекстүү түрдө чечилип, ошол эле мезгилде коомчулук тарабынан да жардам берилиши керектигин респонденттер баса белгилеп өтүштү.

Музейлерди заманбап талаптарга ылайыктап өнүктүрүү жана алардын казынасын баалуу мурастар менен байытуу жөнүндөгү респонденттердин ой-пикирлери маанилүү болду. Айрыкча, туризмди өнүктүрүүдө музейлердин ролу чоң жана бул жаатта комплекстүү программалар менен иштөө зарылдыгы белгиленди.

**Үчүнчү бапта "Кыргызстандын түштүгүндөгү музейлердин социалдык ишмердүүлүгүнүн мазмунунун жана формаларынын кеңейтүү жана байытуу"** жөнүндөгү эмпирикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгын талдоого, анын натыйжаларын жалпылоого жана бүгүнкү күндөгү аймактык музейлердин ролун жакшыртуунун багыттарын жана жолдорун иштеп чыгууга арналган.

**Биринчи бөлүмдө "Регионалдык социумда заманбап музейдин ролунун өзгөрүшүнүн жолдору жана багыттары"** боюнча эксперттердин сурамжылоосунун натыйжаларына анализ берилген. Аймакта музейлерди өнүктүрүүдөгү негизги тенденциялар жана кыйынчылыктар аныкталып, аларды өнүктүрүү багыттары эксперттик коомчулуктун ой-пикирлерине таянып көрсөтүлдү.

Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин коомдогу ордун изилдөөдө маданият тармагында иштеген эксперттерден сурамжылоо жүргүзүлдү. Респонденттерден Кыргызстандагы музейлер канчалык деңгээлде коомдогу социалдык кызматтарын аткарып жаткандыгы боюнча сураганыбызда алардын эң көбү (50,0%) канааттандырарлык деп жооп беришкен. Бардык респонденттердин орток пикиринде Кыргызстандагы музейлер канааттандыраарлык деңгээлде иштерин жүргүзүп, ортодон төмөн бааларын беришти. Бул көрсөткүч музейлердин жаңы доордун чакырыктарына карата иш алып баруу мезгили келгенин ачыктады.

Мамлекет тарабынан музей ишине жеткиликтүү деңгээлде көңүл бөлүнбөйт (36,0%) же таптакыр көңүл бөлүнбөй калды (20,0%) деген респонденттер да көпчүлүктү түздү. Туура, региондогу көптөгөн музейлердин инфраструктуралык абалынын көп жылдардан бери каралбай калгандыгы, жаңы экспонаттарды чогултуу иштеринин солгундашы жана кадр маселелери комплекстүү түрдө чечилбей жатканын айтсак болот. Дагы бир музейдеги көйгөй катары экспонаттарды сактоо үчүн шарттардын жоктугун (13,8%) жана бирдиктүү республикалык каталогдун түзүлбөй жаткандыгын (3,4%) орчундуу маселе иретинде баса белгилешкен. Андан сырткары негизги көйгөй катары музей ишиндеги илимий иштердин солгундап калганын да (13,8%) респонденттер белгилеп өтүшкөн. Демек, илимий кызматкерлерге шарттарды түзүү, жогорку окуу жайлардагы жана илимдер академиясындагы илимпоздор менен кызматташууну күчөтүү зарылдыгы аныкталды.

Рспонденттердин музейишиндеги негизги көйгөй катары эсептеген жоопторунун жалпы жыйынтыктары 3.1 - таблицада берилди.

Таблица 3.1 - Музей ишиндеги эң негизги көйгөйлөрдөн деп кайсыларды атап кетесиз? (жооп бергендердин жалпы саны, %)

| Аталышы | Жооптор | |
|---|---|---|
| | Саны | Проценти |
| Мамлекет тарабынан музей ишин өнүктүрүү боюнча перспективдүү пландардын жоктугу | 16 | 11,0% |
| Музей тармагына тиешелүү мыйзамдардын чийкилиги | 7 | 4,8% |
| Музейдеги илимий иштердин солгундашы | 19 | 13,1% |
| Профессионалдык кадрлардын жетишсиздиги | 34 | 23,4% |
| Айлык маянанын аздыгы | 28 | 19,3% |
| Музей ишине ылайыкташкан имараттардын куруу зарылдыгы | 8 | 5,5% |

| | | |
|---|---|---|
| Республикалык каталогдун (экспонаттар боюнча) түзүлбөй жаткандыгы | 5 | 3,4% |
| Экспонаттарды сактоо үчүн заманбап технологиялардын жетишсиздиги | 20 | 13,8% |
| Заманбап технологиялардын жетишсиздиги (интернет) | 6 | 4,1% |
| Башка | 2 | 1,4% |
| Жыйынтык | 145 | 100,0% |

Экспозиция залдарында экскурсия иштерин жүргүзүүдөн сырткары түрдүү тематикадагы убактылуу көргөзмөлөрдү уюштуруу, белгилүү күндөргө карата маданий-массалык иш чараларды, семинарларды өткөрүү да музейлердин негизги милдеттерине кирет. Ушул багытта аткарылып жаткан иштерге канчалык деңгээлде канааттанасыз деген суроону бергенибизде, респонденттердин эң көбү (46,0%) ооба канааттанам, бирок өз деңгээлинде эмес деп айтышкан. Ошондой эле музейде өткөрүлгөн маданий иш чаралар талапка жооп бербей турганын жана ага канааттанбаганын (40,0%) же болбосо таптакыр талапка жооп бербегенин (4,0%) айткан респонденттер да дээрлик жарымын түздү. Демек, музейлердеги экспозиция залдарын илимий концепцияларын жаңыдан иштеп чыгуу актуалдуу болгону сыяктуу маданий иш чаралардын деңгээлин көтөрүү да зарыл экендиги аныкталды.

Музейлердин коомдогу маанилүү институт катары кызматтарын толук аткара албагандыгы, анын актуалдуулугунун жоголуусуна алып келет, ошондуктан, анын келечегине мамлекет баш болуп, бардыгыбыз кам көрүшүбүз керек.

**Экинчи бөлүмдө "Өзгөрүлмө коомдогу социалдык институт катары музейди өнүктүрүү концепциясы (аймактык аспект)"** катары автордук Концепция келтирилген. Концепция жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына, аларды талдоонун, ошондой эле тема боюнча булактарга таянып теориялык анализдин негизинде иштелип чыккан.

Музейлерди өнүктүрүүнүн концепциясы (Кыргызстандын түштүгүнүн мисалында) төмөнкүлөрдү болжолдойт:

1. Методология;
2. Мазмуну;
3. Ишке ашыруунун усулдук негиздери;
4. Натыйжалуулугун баалоонун критерийлери.

Концепциянын <u>**методологиялык блогу**</u> Концепциянын негизги багыттарын ишке ашырууну теориялык жактан негиздөөгө мүмкүндүк берет.

Өзгөрүлмө коомдогу социалдык институт катарындагы музейди өнүктүрүү Концепциясынын методологиясы (мындан ары Концепция) системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк подходдордун методологиясына негизделет.

Концепциянын методологиялык блогу ошондой эле негизги түшүнүктөрдү аныктоону камтыйт, андан кийин алар иш чөйрөсүнө айланат.

Концепциянын экинчи блогу - бул <u>**мазмундук блок**</u>. Бул аймактагы музей ишин өнүктүрүүнүн олуттуу багыттарын чагылдырат. Биздин изилдөөлөрдүн негизинде, ушундай багыттардын катарында төмөнкүлөрдү аныктоого болот.

- Аймактагы музейлердин ишин популяризациялоо боюнча калк арасында маалыматтык ишти күчөтүү.

- Талкууларды уюштуруу, конференцияларды, тегерек столдорду жана башка билим берүүчү иш-чараларды өткөрүү үчүн интерактивдүү аянтчаларды түзүү жолу менен музейлердин билим берүүчүлүк жана илимий-билим берүүчүлүк кызматтарын өнүктүрүү.

- Музейлердин жана музей бирикмелеринин базасында музей комплекстерин өнүктүрүү.

- Музей ишинин жаңы формаларын өнүктүрүү. Эң популярдуусу - "ачык музейлер" (ачык асман алдындагы музейлер), алар музей көрүүчүнү музейдин имаратынын көнүмүш алкагы менен чектебегенге мүмкүндүк берет.

- Музей ишинде жаңы маалыматтык технологияларды колдонуу.

- Музей иши жаатында, ошондой эле ага байланыштуу иш-аракеттер чөйрөсүндө кадрлардын квалификациясын жогорулатуу.


- музей көрүүчүлөр менен "кайтарым байланышты" уюштуруу. Келген адамдардын сын-пикирлерине жана ой-пикирлерине мониторинг жүргүзүү, музей ишинин сапаты жөнүндө такай сурамжылоо музейлердин ишин жакшыртуунун негизги багыты болуп саналат.

- Музей ишинин ар кандай субъекттеринин ортосундагы тармакты кеңейтүү жана өнөктөштүк деңгээлин тереңдетүү.

- Музей ишиндеги маданий-агартуу иш-чараларынын деңгээлин кеңейтүү жана жогорулатуу.

- Музейлердин техникалык жабдууларын өркүндөтүү.

Концепциянын **методикалык блогу** музей ишмердигинин субъекттеринин ортосундагы өз ара катышты жана өз ара байланышты (коммуникациялар) уюштуруунун усулдук негиздери менен көрсөтүлгөн. Бардык субъекттер Концепциянын Методологиялык блогунда тизмектелген. Алардын ортосундагы байланышты уюштуруу музейлерди өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүнө таасир этүүчү башкы факторлордун бири катары болот. Башкы принциптер – социалдык жоопкерчилик жана шериктештик принциби. Байланыштын бул механизми 3.1 - сүрөттө шарттуу түрдө берилген.




3.1 - сүрөт. Музей ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча субъекттердин коммуникациясынын механизминин шериктештик модели.

Концепциянын **критерийлик (баалоочу) блогу** музейлерди өнүктүрүү Концепциясын натыйжалуу ишке ашырууну аныктоого жана баалоого

багытталган. Ал натыйжалуулуктун критрийлерин иштеп чыгууну, ошондой эле, берилген критерийлер боюнча баалоо каражаттарын камтыйт.

Ошентип, сунуш кылынган Концепция системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын методологиясына негизделген, анын илимий негизделген мүнөзүн баса белгилеген социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын колдонот. Ушул Концепцияны ишке ашыруу объективдүү түрдө бышып жетилген жана өлкөдөгү жана анын аймактарындагы музейлердин жана музей ишинин ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө болот.

## КОРУТУНДУ

Диссертациянын корутундусунда изилдөөнүн максаттары жана милдеттери боюнча тыянактар чыгарылды. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө заманбап музейдин потенциалы, анын социалдык ролу жана коомдогу функциялары ачып берилди. Жүргүзүлгөн анализдин негизинде изилдөөнүн методикалык жана усулдук милдеттери боюнча корутундулар чыгарылып, музейлерди регионалдык коомдо өркүндөтүүнүн жолдору жана багыттары белгиленди. Диссертациялык иштин жалпыланган жыйынтыктары социалдык өнөктөштүк жана диалог принциптеринин негизинде музейлердин иштешин жаңыча түшүнүү керек деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди.

Изилдөө ишинде коюлган милдеттерге карата төмөндөгүдөй тыянактар чыгарылды:

1. Өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык-маданий институт катары музейдин ролу, мааниси жана социалдык кызматтары жаңы көз карашта каралды. Өлкөбүздүн тарыхында бир кылым мурда пайда болгон музей институту бүгүнкү өзгөрүлмөлүү коомдо өз маанисин жоготпой, тарыхый-маданий мурастарды изилдөө, сактоо жана аны элге жайылтуу иштерин канааттандырарлык деңгээлде аткарып жаткандыгы такталды. Ошол эле учурда музей тармагындагы эң орчундуу деп эсептелген маселелерди тез арада чечүү жана замандын талабына жараша жаңы деңгээлге алып чыгуу мезгили келди.

2. Музейди өнүктүрүүнүн чет элдик жана ата мекендик тажрыйбаларын жалпылоонун негизинде сунуш кылынган Концепция системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын алкагында социалдык институт катары анын жаңы мазмуну аныкталды. Ушул Концепцияны ишке ашыруу объективдүү түрдө бышып жетилген жана өлкөдөгү анын ичинде аймактардагы музейлердин жана музей ишинин ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

3. Заманбап аймактык социумда музейди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталып, жаңы көз карашта системалаштырылды. Музейлердин жана музей бирикмелеринин базасында музей комплекстерин өнүктүрүү. Бул музейлердин ар кандай кызматтарынын интеграцияланышына өбөлгө түзөт: тарыхый-маданий мурастарды жана коомдук эс тутумду берүүнүн салттуу кызматтары менен катар музейдин билим берүүчүлүк, тарбиялык, илимий-изилдөө, эс алуу, маалыматтык-агартуучулук жана башка кызматтарын ишке ашыруу зарыл. Бул музейлерге ар кандай муктаждыктары бар кошумча көрүүчүлөрүн тартат.

4. Эмпирикалык изилдөө материалдарынын негизинде биринчи жолу аймактагы музейдин жана музей ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү перспективалары аныкталды. Негизгиси музей ишинин жаңы формаларын өнүктүрүү зарыл. Эң популярдуусу - "ачык музейлер" (ачык асман алдындагы музейлер), алар музей көрүүчүнү музейдин имаратынын көнүмүш алкагы менен чектебегенге мүмкүндүк берет. Бул ачыктыктын жана жеткиликтүүлүктүн таасирин жаратат, ошондой эле, көп жагынан келгендер үчүн жагымсыз фактор болгон музей кызматкерлери тарабынан көзөмөлдү төмөндөтөт. Музей ишинин салттуу эмес башка формаларына виртуалдык музейлер, интерактивдүү музейлер, музей-кафелер, музейлер-окуу аянтчалары ж.б.

5. Азыркы коомдогу социалдык институт катары музейди өркүндөтүүнүн багыттары жана жолдору алгачкы жолу аныкталды. Музей иши жаатында, ошондой эле ага байланыштуу иш-аракеттер чөйрөсүндө кадрлардын квалификациясын жогорулатуу зарыл**.** Сурамжылоо көрсөткөндөй, коноктордун басымдуу бөлүгү экскурсиянын сапатына жана музейлердеги башка кызмат көрсөтүүлөргө канааттанган эмес. Мындан тышкары, музейлерде иштеген жаштар өтө эле аз. Бул кырдаалды өзгөртүү объективдүү муктаждыкка айланууда, анткени андай кылбаса, бир нече жылдан кийин музей иши кадрдык кризиске дуушар болот. Мындан тышкары, жаш кадрлар коноктордун жаш категориясын тартууга жардам берет, бул дагы объективдүү муктаждык. Ошондой эле, музей кызматкерлеринин, экскурсоводдордун келгендерди тейлөө деңгээлин эл аралык деңгээлге көтөрүү керек. Бул үчүн музей кызматкерлерин окутуу процессине чет тилин киргизүү зарыл.

6. Аймактык социумдагы музей жана музей ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн автордук концепциясы алгачкы жолу иштелип чыкты. Сунуш кылынган Концепция системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын методологиясына негизделген, анын илимий негизделген мүнөзүн баса белгилеген социологиялык изилдөөлөрдүн натыйжаларын колдонот. Ушул Концепцияны ишке ашыруу объективдүү түрдө бышып жетилген жана өлкөдөгү анын ичинде аймактардагы музейлердин жана музей ишинин ар тараптуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Анализдин негизинде музейди социалдык-маданий институт катары мындан ары өнүктүрүү боюнча төмөнкү сунуштар аталды:

- ар кандай социалдык категорияларга, анын ичинде ден-соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга, этностук азчылыктарга багытталуу;

- музей көрүүчүлөрү менен байланышуунун жаңы технологияларын өз тажрыйбасында колдонуу, инфокоммуникациялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;

- музейлердин инфраструктурасын, техникалык жабдылышын жаңыртуу;

- музей көрүүчүлөрү менен көбүрөөк өз ара катышуу, ар түрдүү иш-чараларды уюштуруу, коомдогу маанайды, музейлердеги жаңылыктарга келген көрүүчүлөрдүн реакциясын байкап туруу үчүн келгендер менен "кайтарым байланышты" уюштуруу;

- персоналдын, анын ичинде экскурсоводдордун квалификациясын жогорулатуу, алардын тилдик даярдыгын жана жалпысынан тейлөө деңгээлин жогорулатуу;

- үй-бүлө менен эс алуучулар, чет элдиктер, жергиликтүү ички туристтер үчүн кошумча кызматтарды иштеп чыгуу ж.б.

## Изилдөө темасы боюнча жазылган макалалар


1. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Роль музея в сохранении культурного наследия в обществе [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Наука и новые технологии – 2011. - № 5. - С. 151-152. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35653174

2. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Музей – коомдогу социалдык институт катары [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Известия ВУЗов (Кыргызстан) – 2011. - № 6. - С. 206-208. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26534729

3. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Развитие музейного дела в Кыргызстане как фактор реализации национальных интересов [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // В сборнике: Проблема бедности и богатства в контексте концепции державности: материалы научно-практической конференции с международным участием. Гл. ред. Юрьев В.М. – Тамбов, 2012. - С. 118-122. https://drive.google.com/file/d/1rSFbtSMVC7rPExvBsnRdYNeRMUmLC-8M/view

4. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Музей социалдык-маданий тарбия берүүнүн очогу катарындагы айрым маселелери [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Вестник БГУ – 2013. - №3(26) - С.106-108. https://drive.google.com/file/d/12SvuMkoJ0_EHzsL5pRx6yuq-b_MDPLtH/view

5. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Гора Сулайман-Тоо как объект всемирного наследия [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Научный альманах – Тамбов, 2016. - №12-4(26). – С. 58-61. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47556695

6. Ибайдуллаев Х. Х. Особенности развитие музейного дела в Кыргызстане [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Научный альманах – Тамбов, 2016. - №12-4(26). – С. 54-57. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=47556694

7. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Развитие музейного дела в Кыргызстане [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // В сборнике: Социальные практики и управление: материалы научно-практической конференции с международным участием. Отв. ред. С.В. Ровбель, С.А. Ильиных; - Новосибирск, 2018. - С. 35-42. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36887699

8. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Тарыхый инсандар музей материалдарынын объектиси катары [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Известия ВУЗов Кыргызстана – 2018. - № 1. - С. 154-156. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35034232

9. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Сулайман-Тоо музей комплекси – коомдогу маданий эс алуунун очогу катары [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Известия ВУЗов Кыргызстана – 2018. - № 4. - С. 68-71. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=36605252

10. **Мендибаев, Н. Ибайдуллаев, Х. Х.** Кыргызстандагы айыл музейлеринин социалдык абалы [Текст] / Н. Мендибаев, Х. Х. Ибайдуллаев // Наука, новые технологии и инноваии Кыргызстана – 2021. - № 2. - С. 189-194. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=45700995

11. **Ибайдуллаев, Х. Х.** Музейдин коомдогу маданий-агартуучулук кызматынын айрым көрүнүштөрү [Текст] / Х. Х. Ибайдуллаев // Известия ВУЗов Кыргызстана - 2021. - № 1. - С. 133-137. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=46623961

**Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** коом, музей, тарых, маданият, мурас, сактоо, элге жайылтуу, тарбиялык мааниси, социалдык маселелер, социалдык институт, социалдашуу, социалдык ролу, өзгөрүлмөлүү коом.

Диссертациялык иш музейлердин азыркы учурдагы социалдык маселелерин социологиялык талдоого арналган.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси:** музей өзгөрүлмө коомдогу социалдык институт катарында.

**Изилдөөнүн предмети:** музейдин социалдык институт катары социалдык ролунун өзгөрүшүнө ар кандай факторлордун таасири.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** өзгөрүлүп жаткан коомдо социалдык институт катары музейдин социалдык маңызын жана өнүгүү механизмдерин аныктоо жана аны андан ары өнүктүрүүнүн жолдорун жана багыттарын иштеп чыгуу (Кыргызстандын түштүк аймагындагы музейлердин мисалында).

**Диссертациянын методологиялык негизи** болуп чет элдик жана ата мекендик авторлордун маданий социология, музей социологиясы, музеология жана философия жаатындагы эмгектери, социологиялык анализдеринин методологиясы жана изилдөө методдору (байкоо, интервью, анкета, мониторинг) боюнча фундаменталдык жана теориялык жетишкендиктери болуп эсептелет.

**Диссертациянын натыйжаларынын илимий жаңылыгы:** Өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык-маданий институт катары музейдин ролу, мааниси жана социалдык кызматтары жаңы көз караштa каралып, музейди өнүктүрүүнүн чет элдик жана ата мекендик тажрыйбаларды жалпылоонун негизинде системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын алкагында социалдык институт катары анын жаңы мазмуну аныкталды. Заманбап аймактык социумда музейди өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрү жана факторлору аныкталып, жаңы көз караштa системалаштырылды. Эмпирикалык изилдөө материалдарынын негизинде биринчи жолу аймактагы музейдин жана музей ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү перспективалары аныкталды.

**Колдонуу чөйрөсү:** диссертациялык изилдөөнүн материалдары музей ишинин өнүгүү концепциясын иштеп чыгууда, музей тармагында иштеген адистердин ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө практикалык колдонмо катары, ошондой эле, жогорку окуу жайларда атайын курстар, семинар, лекция катары төмөндөгү багыттар боюнча сунушталат: «Өзгөрүлмөлүү коомдогу музейлерди изилдөө усулдары», «Музейлерди бийлик жана коомчулук тараптан колдоо», «Музейлердин тарыхый-маданий мурастарды сактоодогу жана жайылтуудагы орду».

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Ибайдуллаева Хайруллы Хабибуллаевича на тему: «Музей как социальный институт в трансформирующемся обществе» на соискание ученой степени кандидата социологических наук по специальности 22.00.04 - социальная структура, социальные институты и процессы**

**Ключевые слова:** общество, музей, история, культура, наследие, сохранение, пропаганда, воспитательная ценность, социальные проблемы, социальный институт, социализация, социальная роль, трансформация общества.

**Объектом диссертационного исследования** является музей как социокультурный институт в трансформирующемся обществе.

**Предметом исследования** является влияние различных факторов на изменение социальной роли музея как социокультурного института.

**Цель исследования** - выявить социальную сущность и механизмы развития музея как социокультурного института в трансформирующемся обществе и разработать пути и направления его дальнейшего развития (на примере музеев южной части Кыргызстана).

**Методологической основой** является работы зарубежных и отечественных авторов в области социологии культуры, музейной социологии, музеологии, философии и фундаментальные и теоретические достижения методологии социологического анализа и методов исследования (наблюдение, интервью, анкетирование, мониторинг).

**Полученные результаты и их новизна:** В диссертации рассмотрены и по новому осмыслены роль, значение и социальные функции музея как социокультурного института в трансформирующемся обществе и на основе обобщения зарубежного и отечественного опыта развития музея определено его новое содержание как социокультурного института, в рамках системного, коммуникативного и средового подходов. Выявлены и по новому систематизированы факторы и особенности развития музея в современном региональном социуме. На материалах эмпирических исследований впервые определено актуальное состояние и перспективы развития музея и музейной деятельности в регионе.

**Область применения:** теоретические и практические выводы диссертационного исследования могут быть использованы как руководство в разработке концепции развитии музейного дела, в практической деятельности музейных работников, в том числе, как спецкурс, семинар, лекция в высшем учебном заведении по следующим тематическим направлениям: «Методы изучения музеев в трансформирующемся обществе», «Государственная и общественная поддержка музеев», «Роль музеев в сохранении и распространении историко-культурного наследия».

**Summary**

**of the dissertation on the topic "Museum as a social institution in a transforming society" of Ibaydullaev Khairullo Khabibullaevich, for the degree of candidate of sociological sciences in the specialty 22.00.04-Social structure, social institutions and processes.**

**Keywords:** society, museum, history, culture, heritage, to preserve, to disseminate, educational value, social issues, social institution, socialization, social role, changeable society.

The dissertation is devoted to the sociological analysis of modern social problems of museums.

**Object of dissertation research:** the museum as a socio-cultural institution in a changeable society.

**Subject of research:** the influence of various factors on changes in the social role of the museum as a socio-cultural institution.

**The purpose of the dissertation research:** to determine the social nature of the museum and the mechanisms of its development as a socio-cultural institution in a changeable society and to develop ways and directions for its further development (on the example of museums in southern Kyrgyzstan).

**The methodological basis of the dissertation** are the fundamental and theoretical achievements of foreign and domestic authors in the field of cultural sociology, museum sociology, museology and philosophy, methodology of sociological analysis and research methods (observation, interview, questionnaire, monitoring).

**Scientific novelty of the dissertation results:** The role, significance and social functions of the museum as a socio-cultural institution in a changeable society have been considered in a new perspective, its new content as a sociocultural institution has been defined in the framework of systematic, communicative and environmental regulations on the basis of generalization of foreign and local experiences. Features and factors of museum development in the modern regional society have been identified and systematized from the new point of view. On the basis of empirical research materials, for the first time, the current state and development prospects of the museum and museum activities in the region have been identified.

**Scope of application:** dissertation research materials are presented as a practical guide in the development of the concept of museum activity, in the activities of museum professionals, as well as special courses, seminars, lectures in higher education in the following themes: "Methods of studying museums in a changeable society", "Government and community support for museums", "The role of museums in the preservation and dissemination of historical and cultural heritage".